УДК: 81

Сатышева Г. А.
*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# КЫРГЫЗ ТИЛИН ӨЗГӨ ТИЛ КАТАРЫ ОКУТУУДА ЖАҢЫ ТЕХНОЛОГИЯНЫН КОЛДОНУЛУШУ

Өлкөдө болуп жаткан саясий, социалдык, экономикалык жана башка өзгөрүүлөр билим берүү системасына да таасирин тийгизди. Бул өзгөрүүлөр мектептерге ЖОЖ дорго жаңы сабактарды киргизбестен, окутуунун методикасына да өзгөрүү киргизди. Биздин өлкө өсүүнүн демократиялык жолун тандап алды.

Окуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектептерде жана ЖОЖдордогу орус группаларындагы кыргыз тил сабагында мугалим ар кандай кыйынчылыктарга дуушар болушу закон ченемдүү көрүнүш. Бирок ал кыйынчылыктар сабак өтүүдөгү методикалык мүчүлүштөр бара-бара жоголуу менен улам жаңы ыкмалар менен толукталып, такталып, калыптана баштайт. Бул класстагы, аудиториядагы жумушка тиешелүү: окуучулар же болбосо студенттер сабакта эң активдүү болушу керек. Студенттердин активдүүлүгүн өстүрүү методу интерактивдүүлүк деп аталат. Бул ыкмаларды колдонуу адегенде оңой көрүнүшү мүмкүн.

Интерактивдүү окутуу деген терминди ачып карасак, бул окутуу түрүн эмнеге, качан колдонуу керек, ошондой эле аны сабактарда дайыма ишеништүү колдонуу керектигин көрөбүз. Сабак учурунда сабак менен студенттердин ортосунда жана студент менен окутуучунун ортосунда өз ара терең байланышты көргөндө гана интерактивдүү окутуу методикасы деп айта алабыз. Мындай байланыш адатта талкуу жүргүзүү формасында өтөт. Интерактивдүү окутуу методикасын кыргыз тилин өзгө тил катары окутууда колдонуу жакшы натыйжа берет. Бул методика биргелешип аракеттенүүнүн түрүн жана тапшырмаларын ичине камтыйт. Окутуу процессинде студент менен биргелешип иштесе мындайча болот:

1. Окутуучу менен (б.а., студент окутуучунун суроосуна жооп берет).
2. Сабакка чакырылган адамдар менен (же болбосо группа башка бир жерге барып сабак өтөт).
3. Башка студенттер менен (экөө иштейт).
4. Кичине группа менен (3-5 студент).
5. Чоң группанын студенттери менен (дебаттар, группанын чогулушу, талкуулар).
6. Группа социологиялык суроолорго жооп алышат.
7. Техниканын айрым бир түрү менен иштейт (М: компьютер менен).

Эмне үчүн интерактивдүү метод колдонулат? Бул методиканы колдонгондор биргелешип иш алып барууну окутууда жакшы ийгиликти алып келерин далилдешүүдө. Бул методика бат окуп, эсинде сактап калуусун жакшыртат. Демек, бул мындайча себептер менен ишке ашат:

- Студенттер маалымат алып гана тим болбостон, алар логикалык билдирүү жасашат. Өздөрүнүн чечиминин тууралыгын, башка варианттардан жакшы экендигине түшүндүрүү иштерин жасашат.
- Студенттер проблеманы чечүүдө өзүнүн жана башка бирөөнүн тажрыйбасын колдонот. Мындай билимдин жалпы түшүнүгү жалгыз студенттин билиминен чоң жана кеңири болот.

Студенттердин жаңы ойлорунан, жаңы билдирүүлөрүнөн окутуучу да өзү үйрөнүп алат.

1. Студент өз оюун аудиторияда айта албай калса, же мугалимдин өзүнө гана айтып чектелсе биргелешип иштесе методикасында ал өз идеясын кичине же анча чоң эмес группада өзү теңдүүлөр менен бөлүшө алат.
2. Студент өз оюнан бөлөк, башкалардын оюн угуп, алардын айырмасын билет, толуктайт.

Биз кимдир бирөөгө айтып, окуп түшүндүргөнгө көнүп калганбыз. Студенттерге даяр жоопторду берип, алардын акыл ойлоо активдүүлүгүн төмөндөтүп жибердик.

Өз идеясын жактап, көпчүлүктүн оюн угуп, талкуулаган активдүүлүктү кескин өзгөртөт. Окутуунун программасында студенттер менен иштөөнүн мындай түрлөрү колдонулат:

а) Фактыларды эстеп калуу.

б) Ой жүгүртүү.

в) Жаңы жагдайда билимин көрсөтүү.

г) Анализ жүргүзүү (бир нече бөлүктөргө бөлүп иштөө).

д) Синтез жүргүзүү (бардык идеяларды чогултуп, жаңы идея түзүү).

е) Баалоо (талкуулангандын сапатын баалоо).

Биз студенттерди сураганда аларга талаш-тартыш суроолорду берип, алардан туура эмес жоопторду алсак да, жалпы иш мындай ийгиликти берет:

- Өзүн-өзү тарбиялоо ишеними артат;
- Сүйлөө речинии артыкчылыгы, сөзгө устаттыкка тарбиялайт;
- Угуу жөндөмү артат;
- Сын көз менен кароо адаты калыптанат;
- Өз оюнун тууралыгын аныктоо укугуна жетишет;
- Айтылган ойлордун ырастыгына, тууралыгына баа бере алат. Көбүрөөк интерактивдүү же азырак интерактивдүү методдордун аралыгында көптөгөн методдор бар. Эгерде эски окуу куралындагы тигил же бул тапшырманы иштөөдө жазуу жүзүндө эмес, аны эки студент талкууласа, демек сиз интерактивдүү методу колдонгон болосуз. Өзүбүздүн жумушубузга анализ жүргүзүп көрсөк аз өлчөмдө болсо да интерактивдүү методду колдонуп эле жүргөнүбүздү көрөбүз. Айрым мугалимдер традициялуу методдорду токтотуу керек го дейт. Албетте, жок. Биз окутуунун методдорун байытуу максатында турабыз да. Окутуучу интерактивдүү метод менен өтүп жаткан сабагын интерактивдүү эмес сабакка айландырып, аны сабактын түрлүү этаптарында мүмкүнчүлүккө жараша колдонушу керек. Мындай бир мисал келтирели: Сиз самолетто учуп бара жатып, учкуштан бул самолетто учууну кантип үйрөтүштү эле деп сурайсыз. Ал болсо мунун бары болуп өткөн учууларды талкуулоо процессинде болуп, инструкторлор бир да жолу даяр, туура жоопторду бербегендерин учкучтун ар түрлүү жагдайларда иштин тартибин, факторлорун кандай алып жүрүүсүн түшүндүрбөгөнүн айтат. Сиз балким ошол самолетто учуп бара жатканыңызга капа болгон чыгарсыз. Эмне үчүн? Себеби, учкучту даярдоонун маанилүү бөлүгү теориялык так билимдин жана практиканын негизинде талап кылынат эмеспи. Ошондуктан, окутуучу түрдүү тапшырманы аткарууда түрлүү методиканы курал катары колдонушу керек. Тигил же бул методду тандап алуудан мурда, сиз кайсы сабактыココ бересиз жана ошол сабакты эмне үчүн окутууну каалайсыз, б.а., сиздин окуу максатыңыз кандай, мына ушуну так билүү керек. Эгер сиз студенттер белгилүү өлчөмдөгү конкреттүү теманы өздөштүрүүсүн кааласаңыз, азыраак интерактивдүү методду колдонсоңуз натыйжалуу болот. Эгер сиз студенттин шыгын, билүүсүн арттырам десеңиз (мисалы: кыргыз тилинде сүйлөөгө үйрөтүү) анда көбүрөк интерактивдүү методун колдонгонуңуз жакшы. Практикалык бир мисал:

Окутуучу кыргыз тил сабагын өтүүнү пландаштырды.

Биринчи кадам: Окутуучу Ата Мекен темасына байланышкан сөз жана сөз айкаштарын доскага жазып берди.

Экинчи кадам: Студенттерди экиден бөлүп, аларга аңгеме же текст жазууну тапшырат. Студенттер даяр болгондо, тексттер талкууланып, талкуу учурунда студенттин билими тереңдеп, түшүнүгү артат.

Үчүнчү кадам: Окутуучу тексттерди текшерип, эми ар бирине өзүнчө тапшырма берет. Бул студенттин жеке билимин текшерүүдө эң жогорку натыйжаны берет. Интерактивдүү ыкмада айрымдары студенттер көп сүйлөп, окутуучулар мүмкүн болушунча азыраак сүйлөшүү керек дешет. Бул туура эмес. Студент түшүнгөнүн айтууда, окууда, которууда, кайра сүйлөп берүүдө максатына жетиш үчүн, окутуучу дискуссияны башкарып туруш керек.

Төмөндө интерактивдүү сабакты өтүү үчүн колдонулган аракеттер берилет:

а) Даярдануу - тапшырманы тандоо, аны студенттер өздөштүрө алабы, канткенде, кандай көнүгүүлөр менен иштей алышат, алдын ала даярдоо.

- Аудиториянын мүмкүнчүлүгүнө жараша тапшырма даярдоо (студенттер тапшырманы аткарып кете тургандай маалыматтар, колдонуулар барбы? ж.б.).

- Бул тапшырманы группа сөзсүз аткарат дегенге кантип ишенесиң? Сиздин бере турган суроолоруңузга студенттин реакциясы кандай болорун кантип алдын ала билесиз?

- Студенттер менен бирге бир нече көнүгүүлөрдү аткаруу (бул текст менен таанышууга чейин, тексттегилерди талкуулоо, студентке түшүнүксүз нерселерге көз карашыңыз).

б) Студентке көрсөтмө берүү.

Студентке иштин максатын түшүндүрүү керек. (Көнүгүүнү туура иштөөгө аракеттенүү керек, кандай жолдор менен). Тапшырманы аткарууга убакыт берүү керек, тапшырманы кайталоо керек.

в) Группанын курамын аныктоо (ким менен бирге иштейт, экөө, үчөө, төртөө ж. б.).

г) Студенттер иштей башташат.

Анан окутуучу студенттердин аркасында туруп бир аз күтөт.

д) Группанын иштөөсүнө көз салуу.

Эгерде студенттер бир нерсеге түшүнбөй, тапшырманы аткарууда кыйналышса бүт группаны же бир группаны жардамга чакыруу керек. Эгер бардык группалар жакшы иштеп жатышса, ошолордун бирөөнө барып кошулса болот (бирок окутуучу катары эмес). Дайыма студенттердин талкуусуна көз салып, ар бир студенттин өз оюн айтып аны айтуу укугун коргоо керек.

е) Талкууну аяктоо.

Бөлүнгөн убакыт келгенде, студенттер тапшырманы аткарып бүткөнүн көргөн соң, андан аркы талкуулар эч кандай деле ийгилик алып келбесине көзүбүз жеткенде, аудиториянын жалпы көңүлүн бир жерге буруу керек.

ж) Жыйынтык чыгаруу.

Окутуучу группаларга өзүлөрүнүн жыйынтыктарын айтып чыгууга мүмкүнчүлүк берет. Мына ушул жерде окутуучу студенттерден эмне үчүн ошондой ойлошот? Эмне үчүн башкача эмес? деген сыяктуу суроолорду берип, группанын көз карашын бекемдөөгө жардам берүү керек. Айрыкча бул учурда студенттердин карама-каршы пикирлерине таянып, аудиториянын талкуусун жандантуу ыңгайлуу.

Төмөнкү практикалык сабакка көңүл бөлсөк:

Окутуучу: Бүгүн биз лидерге зарыл болгон сапаттарды карайбыз. Силер азыр үч, төрттөн болуп группага бөлүнгүлө да, 54-беттеги 5-көнүгүүдө берилген тапшырмадагы сапаттарды талкууга алабыз.

Эң маанилүү 5 сапат кайсы? Суроолор барбы?

Студенттер: Жок.

Окутуучу: Бермет биз эмне кылышыбыз керек? (Бермет жооп берет).

Окутуучу: Жакшы болот, группага бөлүнгүлө, өзүңөргө катчы шайлагыла да, ишти баштагыла. Талкууга 5 минута убакыт берилет.

Окутуучу: Силер бул тапшырманы экиден болуп иштегиле.

Тексттеги аңгемелешүүнү көңүл коюп окугула, кайсы көз караш. Сенин көз карашың менен туура келип жатат. Экөөңө окуп, талкуулаганга 10 минута берилет.

Анан биз силердин оюңарды бут группа менен талдап чыгабыз. Асель сен айтчы, азыр биз эмне кылабыз?

Асель: Биз экиден болуп, текстти окуп чыгып, анан өз оюубузду дептерге жазабыз.

Окутуучу: Рахмат, Асель. Негизи дептерге эч нерсе жазбай койсоңор деле болот. Окутуучу: Кана эмесе, кандай сапаттар өтө маанилүү экендиги жөнүндө карап көрөлүчү.

1-группа силер кандай сапаттарды тандап алдыңар?

Студент: Биздин оюубузча чынчылдык, мекенге болгон сүйүү, жакшы сүйлөй билүү,

байлык - мына ушулар маанилүү деп ойлойбуз.

Окутуучу: 2-группа силерчи?

Студент: Биз чынчылдык, тажрыйба, билим жана жаш өзгөчөлүк эң маанилүү деп ойлойбуз.

Окутуучу: 3-группа силерчи?

Студент: Биздин оюубузча чынчылдык, мекенге болгон сүйүү, билим жана ден соолук эң маанилүү деп ойлойбуз.

Окутуучу: Силер баарыңар чынчылдыкты, эки группа билим алууну маанилүү дедиңер? Силер 1-группа эмне үчүн бай болуу, байлыкты маанилүү дедиңер?

Студент: Себеби, бай болуу, байлык бул адам турмушундагы маанилүү факторлордун бири деп ойлойбуз.

2-группанын студенти: Биз бул ойго макул эмеспиз.

Окутуучу: 2-группа силер эмне үчүн бул ойго макул эмесссиңер? ... ж.б.

Аудиторияда бардык эле учурда бирдей ойго келүү боло бербейт. Окутуучу тапшырма дайым эле бирдей жыйынтыкты талап кыла бербесин түшүнүшү керек.

**Адабияттар**

1. Дербишева З.К., Джайнакова Н.Т. Кыргызский язык для лиц говорящих по-русски. - Бишкек, 1993.

2. Омуралиева С., Кундузакова С.А. Изучаем кыргызский язык. Учебное пособие для начинающих. Часть 1-2. –Бишкек, 1993.

3. Касымова Б., Токтоналиев К., Карыбаев А. Изучаем кыргызский язык. –Фрунзе, 1991.

4. Орузбаева Б.О., Хван Р.П. Самоучитель кыргызского языка. – Бишкек, 1993.

5. Кузьминко Б. Основы кыргызского языка. Часть 1-2.-Бишкек 1992.

6. Ахматов Т.К., Давлетов С.А., Жапаров Ш.Ж., Захарова О.В. Кыргызский язык. Учебник для русских групп вузов Кирг. ССР. -Мектеп, 1975.

7. Батаканова С, Арабаева И. Баштооч топтор үчүн көнүгүүлөр жана тексттер жыйнагы. - Бишкек: СХИ, 1994.

8. Баштооч топтор үчүн көнүгүүлөр жыйнагы. -Бишкек: КГУ, 1991.

9. Джайнакова Н.Т. Кыргызско-русский учебно-тематический словарь. - Бишкек: МУК, 1995.